# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИКТИН ИНСТИТУТТАРЫНЫН ОРНОШУ

**МАМБЕТКУЛОВ А.Ш.**
**ю.и.к., доцент**
**ualibrary@mail.ru**

*"Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү мамлекттик бийликтин институттарынын орношу" макалада Кыргыз Республикасындагы жергулуктуу мамлекеттик башкаруу институнун укуктуу статусу изилденет. Берененин автору мамлекеттик бийликтин жергулуктуу органдарынын укуктуу моделинин өнүгүү этаптарын изилдеп, Кыргыз Республикасындагы мыйзамдарына киргизилген толуктоо жана өзгөрүштөрдүн практикалык жыйынтыктарын анализдеп жана салыштырат.*

Кыргызстандагы жергиликтүү мамлекеттик башкаруу институтунун өнүгүшү бир нече өзгөрүүлөргө дуушар болгон.1929- жылдагы Кыргыз Автаномиялык Советтер Социалистик Республикасынын Конституциясы мамлекеттик бийликтин жергиликтүү органдарын аныктоо менен бирге бийлигин ашырууга мүмкүнчүлүк алган.бул боюнча төмөнкү органдар шайлоо жолу менен тандалган жана жогорку баскычтагы Советтик съезд .

Союздук республикада кыргыз АССРнин пайда болушу жана 1937-жылы Кыргыз ССРнин Конституциясынын кабыл алынышы менен Советтер системасынын түзүлүшү жана башкаруу формасы өзгөргөн.мамлекеттик бийликтин жергиликтүү органдары айылдарда, шаарларда, кыштак, район областтарда депутаттардын кеңеши эмгектенип, жергиликтүү эл тарабынан 2 жылга шайланышкан. Жергиликтүү эл мамлекеттик бийликтин жергиликтүү органдарын тузүүгө мумкүнчүлүк алган.

Кыргыз СССРнин 1978-жылдагы Конституциясы мамлекеттик бийликтин бирдейлүүлүгүн аныктаган. Ушул конституциянын негизинде област, шаар, район, кыштак, айылдарда Советтердин элдик депутаттары пайда болгон, алар жергиликтүү аймактагы маанилүү суроолорду чечүүгө мамлекеттик кызыкчылыктарды аны менен бирге жарандардын кызыкчылыктарын ишке ашырууга укуктуу болгон. Жергиликтүү аймактагы маселелелер жергиликтүү кеңештин аткаруу органдары аркылуу ишке ашкан.

Кыргызстан көз карандысыздыкка, суверендүүлүккө жетишүү менен 1993-жылдагы Конституциянын негизинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу мамлекеттик бийликти жөнгө салууда негизги принциптердин бири болуп, бирок жерлерде башкаруу 2 өз алдынча институтка бөлүнгөн.

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу
2. Жергиликту мамлекеттик администрация.

Кийинчирээк Кыргыз Республикасынын Конституциясында1996-жылы Кыргызстанда мамлекеттик бийлик жергиликтүү өз алдынча башкаруу – жана мамлекеттик бийликтин чектөө функцияларынын принциптерине таянаары белгиленген.

1993-жылы Конституциянын негизинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын системасына
-айыл округунун башчылары, (айылдар жана шаарлар район, шаардык мэрия)
-жергиликтүү кенеш, ( жергиликтүү өз алд башкаруу органынын өкүлчүлүк органы)
-айыл өкмөтү шаардык айылдык башкаруучулар, аткаруу органдары, мэриялар) ж.б. органдар кирген.

2010-жылы Конституция жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын санын кыскарткан. Аларга жергиликтүү кеңеш (өкүлчүлүк орган) айыл өкмөтү, шаардык мэрия (жергилтүү башкарууну аткаруу органдары) шаардык айылдык башкаруучулар жоюлган.

1993-жылы Конституцияда жергиликтүү өз алдынча башкаруу, өз алдынча жергиликтүү маселелерди карай турган институт болуп аныкталган. 2002-жылдын 12-январындагы №5 КРнын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жөнүндөгү" мыйзамынын негизинде жергиликтүү башкаруу-бул айыл аймагындагы шаар кыштактардагы калктар ошону менен бирге бир кызыкчылыкты көздөгөн жергиликтүү

маселелерди өздөрүнүн өкүлчүлүк, аткаруучу ж.б. органдары аркылуу чечүүчү жергиликтүү тургундар болуп эсептелет. 2011-жылы
" жергиликтүү өз алдынча башкаруу мыйзамынын негизинде ката болуп эсептелген башкаруунун объектиси жана субъектиси оңдолуп салынган. Ал эми жергиликтүү башкаруу бирдиги болуп Кыргыз Республикасынын жарандарынын жоопкерчилиги менен бир кызыкчылыкты көздөгөн жергиликтүү маселелерди өздөрүнүн өкүлчүлүк жана аткаруу органдары аркылуу чечилген аймак.

Кийинки Кыргыз Республикасынын 2007-жылдагы Конституциясынын редакциясында кеңири резонанс аныкталган, жергиликтүү башкаруу мамлекеттик бийликтин бир системасы болуп калган. 2008-жылдагы "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрациясы" жөнүндөгү мыйзамда өзүнүн толук бекитилишин чектөө менен бул төмөндөгү норманын негизинде жүргөн " Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына тиешеси жок болгон. Бул Кыргыз Республикасынын мыйзамында аныкталган".

Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленгендиги боюнча бир тараптан жергиликтүү өз алдынча башкаруу мамлекеттик бийлик органдарынан көз карандысыз ага мамлекет тарабынан кийлигишүү болбойт экинчи тараптан жергиликтүү өз алдынча башкаруу бирдиктүү мамлекеттин рамкасында ишке ашырууну жана кыргыз укук таануучулардан мамлекеттик бийлик менен жергиликтүү бийликтин мамилесин түшүндүрүүнү талап кылган. З.Ш .Бейшеналиев КРнын Конституциясы боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мамлекеттик эмес түзүлүшүндө негизги мүнөздөрүн, норма принциптерин белгилеген:

-кыргызстандын эли өзүнүн бийлигин шайлоо жана референдум аркылуу ишке ашырат жана мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын дагы жардамы чоң;

-мамлекеттик бийлик жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана мамлекеттик бийлик органдарынын ыйгарым укуктарын жана функцияларын чектөөгө таянат;

-мамлекеттик органдары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кийлигишүүгө акысы жок;

-мамлекет анын органдары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын бийлик органдары конституцияда, мыйзамда белгиленген ыйгарым укуктардан сырткары чыга албайт.

Демек , формалдуу түрдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары коомдук башкаруу субъектилердин конституциялык укуктук статусу мамлекеттик бийлик системасынын звеносу болуп эсептелбей калган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы демократиялык институттун өнүгүүсүнө жакшы шарт түзгөн. Бир нече чогулушууларда жергиликтүү өкүлчүлүк органдардын жергиликтүү өз алдынча башкарууну мамлекеттен сырткары болуусун каалап ,жогорку баскычтагы бийлик структурасынын жергиликтүү бийлик органдарына бир нече көйгөйлөрдөн сактоону үмүттөнүшкөн, бул боюнча Г.К Кулдышева белгилеген.

1993-жылкы конституциясынын негизинде мамлекеттик башкаруу системасынын ортоңку звеносу жергиликтүү мамлекеттик администрация болгон. Бул 2007-жылы белгилинген.

1993- конституция боюнча жергиликтүү мамлекетик администрация конституциялык укуктук статуска ээ болуу менен аткаруу бийлигинин жер-жерлерде ишке ашырылышын күчөткөн. Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын ыйгарым укуктары, уюштурулушу, иштөө тартиби мыйзам менен аныкталат.

2010-жылдагы КРнын жаңы конституциясы жалпы институттардын укуктук статусун аныктаган, кезегинде бири-бирин алмаштыруу менен Кыргыз Республикасынын 2 мыйзамы иштеп турган, алардын ар бири жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана жергиликтүү мамлекеттик администрациянын статусун аныктаган.

КРнын мыйзамы 2002-ж 12-январдагы №5 " жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация"

Кыргыз Республикасынын №99 "Жергиликүү өзүн-өзү башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация" тууралуу мыйзам 2008-жылы жана 29-майда кабыл алынган. (8)

2002-2008 жылдар аралыгындагы көрсөтүлгөн актылар Кыргыз Республикасында жүргүзүлгөн административдик-укуктук реформанын салыштырмалуу анализин көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Кыргыз Республикасынын 2002-жылдагы кабыл алынган мыйзамда жергиликтүү мамлекеттик администрация, мамлекеттик администрация, аймактык министирликтердин бөлүмдөрүн административдик ведомстваларды жана борбордук аткаруу

органдарын камсыздаган. 2008-жылдагы мыйзамда жергиликтүү мамлекеттик администрация жергиликтүү кеңештин өзүн-өзү каржылоо жаатындагы багуусун жокко чыгарган. 2010-жылы Конституцияга ылайык, жергиликүү кеңештин жергиликүү өзүн-өзү башкаруудагы аткаруу органдарынынкызматтык өкүлдөрү калат (2б.111).

Атайын даярдалган программадагы долбоордун калыптанышына аймактын социалдык-экономикалык өнүгүшү жана калктын коопсуздугу жергиликтүү кеңештин эмес, мамлекеттик администрациянын көзөмөлүнө алынган. (61 б, 2008 ж )

Бул мыйзамда жергиликтүү мамлекеттик администрация органдары кандайдыр бир долбоорлорду иштеп чыгууда, жергиликтүү бюджеттин каражат алуу укугунан айрылган, уюштуруу иштери же болбосо планды иштетүү аракеттери жергиликүү администрациянын жетекчилери булардан бошотулган:

-жергиликтүү кеңешке тиешелүү аймактын кырдаалы тууралуу баяндама (доклад) жасоодон;

-жергиликтүү кеңешке аймактын социалдык – экономикалык өнүгүүсү жана калкты социалдык жактан колдоо, жергиликтүү кеңешти бул маселелер боюнч аткарылган иштер боюнча маалымдоодон;

-туура келген аймактагы жергиликтүү кеңештин бюджетин бекитүү тууралуу көрсөтмөсүнөн.

2008-жылдагы мыйзамда жергиликтүү мамлекеттик администрациянын жана алардын жогорку кызматтагы өкүлдөрүнүн (акимдер жана губернаторлор) башкаруу органдары кеңейтилген. Ошондой эле алардын үстүнө эл аралык жана аймактык кызматташуу да жүктөлгөн жана турак-жай тууралуу программаларды жайылтуу, комуналдык чарбачылык, түрдүү уюмдардын ресурстарын социалдык, экономикалык көйгөйлөрдү чечүү маселеси каралган.

Мурда Кыргыз Республикасынын “Жергиликт мамлекеттик администрациясынын” 2008-жылдагы №99 жободогу ишмердлгү “административдик-аймактык бирдик” деп аталган. Анын ичиндеги күмөн саноо бир гана райондордо болбостон, бардык обулусту кантип бир нече аймактагы калкты тейлөөчү жана башка отурукташууга бериле элек жерлер да кирген. №65 “Кыргыз Республикасынын аймактык калыптанышы “ жөнүндөгү мыйзам менен салыштыруу көрсөткүчү (9)

-Обулус – бул тиешелүү шаарларды жана райондорду бириктирип турган, мамлекеттик башкаруу, жергиликтүү маалымдоолордун кызыкчылыгын көздөгөн, өзүн-өзү башкаруу тууралуу жергиликтүү бийликти жөнгө салып турган бирдик.

- район – бул айыл, кыштактарды бириктирип турган, бир шаардын карамагынан чыкпаган, мамлекеттик башкаруунун кызыкчылыгы менен өзүн-өзү башкаруу органдарын жөнгө салып турган бирдик.

Ага ылайык кабыл алынган мыйзамда административдик-укуктук чектөөгө жергиликтүү мамлекеттик администрация тарабынан обулустагы аймактарга жобо берилген.

Мамлекеттик администрациянын обулустук башчысы губернатор. Ал Кыргыз Республикасынын президентинин аныктоосу, Кыргыз Республикасынын премьер-министринин ыйгаруусу жана жергиликтүү кеңештин макулдугу менен дайындалат. Жергиликтүү мамлекеттик башкармалыктын ыйгарым укуктары (райондордун жана обулустардын) баардык жагынан окшош болгон, айрымачылыгы аймактык ведомстваларды жайылтууда каралган.

-жергиликтүү мамлекеттик администрация уюмунун негизги ишмердүүлүгү мамлекеттик бийликтеги органдардын аймактык бөлүнүшү:

- Жергиликтүү кеңеш менен биргелешип суроолорду чечүү:

а) социалдык – экономикалык өнүгүү;

б) социалдык жактан калкты коргоо;

в) бардык көрсөткүчтөгү баяндамалар, отчеттор ж.б.

Текшерүүнүн үстүндө калыпка келтирүү мыйзамы мамлекеттик органдардын аткаруу бийлигинин болушу, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу мекеме, ишкана жана жеке бирикмелердин көз карандысыздыгы эсептелет.

Мисалы жер-жерлерге болунгон мамлекеттик аткарууубийлигинин органдары, же аткаркуу жайгаштыруу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечими кабыл алынган учурда, мыйзамга туура келбес Кыргыз Республикасынын президентинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн актыларына каршы келген болсо областтык админстрациясынын башчылары мындай чечимди токтотууга жана ошол эле учурда бул

иш жөнүндө пракуратура органдарына кабарлоого жогору турган мамлекеттик башкаруу органына же болбосо айылдык кенеш кекеректүү иш-чаралар колдонуулуга чейин кайрылууга укуктуу.
Соттун чечими мыйзамдык күчүнө киргенге чейин областтык мамлекеттик админстрациясынын башчысы, райондук мамлекеттик админстрациясы тарабынан берилген укуктук нормативдик актыны оөгөртө алат, эгерде ал укуктук нормативдик акт мыйзамга каршы турса, ошондой эле шаар башчылары, жергиликтүүү өз алдынча башкаруу айыл, кыштагдар тарабынан берилген актыларды токтотууга укуктуу, эгерде алар мыйзамга каршы келген болсо.
64 беренеге ылайык Кыргыз Республикасынын Президентижана Өкмотү областтык башкы мамлекеттик админстрациясы тарабынан, районго буйрук жана токтом түрүндө берилген укуктук нормативдик актыларды өзгөртө алат.
2011- жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын мыйзамы «Жергиликтүү админстрациясы жөнундө» райондук мамлекеттик админстрациясынын регламенттик статусун кеңейтти. Бул айрыкча жергиликтүү мамлекеттик админстрациясынын Кыргыз Республикасынын башкаруу жана башка бийлик органдары менен биргелекте иш алып баруусуна иешелүү мыйзамда жергиликтүү мамлекеттик админстрациясынын укуктары жана милдеттери толук аныкталгн жана ал ар биргелешип иштешет:
-Министерствалар, мамлекеттик комитеттер, админстративди ведомствалар, жана алардын борбордук аппараттары менен.(4 берене)
-жер-жерлерге болунгөн министерствалар, мамлекеттик комитеттер, админстративдик ведомствалардын координациясын ишке ашыруу.(5берене)
Кыргыз Республикасынын «жергиликтүү мамлекеттик админстрациясы жөнундө» мыйзамынын 5 беренесинде көрсөтүлгөндөй координациялык функциялары ,жергиликтүү (райондук) мамадминстрациялары, жер-жерлерге бөлүнгөн министерствалардан, мамлекеттик комитеттерден, админстративдик ведомствалардан иштик пландарын көрсөтүүгө, иштеринен жыйынтык алууга , көрсөтмө берүүнү талап кыла алат, жана алар шке ашууга милдеттүү. Координацияда көрсөтүлгөндөй жергиликтүү мамлекеттик админстрациясы менен комитеттер жана ведомствалардын биргеликте чечишип иш алып баруусу биздин көз карашыбызча жакшы көрүнүш.Өйдөдө көрсөтүлгөндөй акыркы сыспециализированган маңызды ээлейт, ар кандай иш-чаралардын алдын ала көрүүсү, чечүүсү ж.б. админстративдик укук илиминде изилденген координациялдык функция мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө жогорку денгээлди ээлейт.Бул өз учурунда Кыргыз Республикасынын аткаруу органдарынын иштериндеги укук түшүнүү, жана бир түрдүү укук колдонуу маселесин жок кылат.

Жергиликтүү мамлекеттик админстрациясынын ыйгарым укуктарын аткаруу жана акимди кызматка алуу тартиби райондук кеңештин катышуусу менен өткөрүлөт. Райондук аким жыл сайын бир жолу райондук кеңештин катышуусу менен өткөрүлөт, алдыда өздөрүнүн тиешелүү аймагында иш алып баруулары жөнүндө отчет беришкен; райондук кеңештин тактоосу менен тиешелүү аймакка бюджет проектиси боюнча райондук кеңештин кароосуна керектүү маселелерди кароого киргизишкен, ошондой эле, өзүнүн аймагына жараша, райондук кеңештерге өзүнүн аймагынын социалдык-экономикалык проектилилиг программаларын алып барууга жана элди социалдык коргоо жана райондук кеңештин алдында отчет берүүсүн иш жүзүнө киргизкен.

Кыргыз республикасынын 2008-жылы №6 мыйзамынын 14- беренесине ылайык аким кызматка Кыргыз Республикасынын Премьер-министири менен райондук кеңештердин сунушу менен тандалган.

Жергиликтүү кеңештин акимин тандоо боюнча отуруму депутаттардын жалпы санын үчтөн эки бөлүгү катышканда гана ишке ашты деп эсептешет. Жергиликтүү кеңештин депутаттарынан көп добуш ала алган кандидатура тандалды деп эсептешет. Эгерде эч бир кандидат депудаттардан тиешелүү добушту топтой алышпас, көбүрөөк добуш топтогон эки кандидат үчүн эки тур өтөт, эки турда тиешелүү жергиликтүү кеңештин депутаттарынын коп добушун тандай алган кандидат өттү депэсептешет. Акимдин ордуна кандидатты тандап жана сунуштоо үчүн райондук кеңештин депутаттары жабык добуш берүү аркылуу тандашат. Тандоо жүргүзүү тартиби “жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу” мыйзамынын 14-беренесинде так бекитилген эмес.

Эгерде берилген убакыттын ичинде акимдин кызматына райондук кеңеш кандидатура боюнча ылайыктуу сунуш киргизбесе, анда Кыргыз Республикасынын Премьер-министри жыйырма иш күндүн жаңы кандидатураларды сунушташат.

**Пайдаланылган булактардын тизмеси:**


1. Кыргыз Советтик Социалдык Республикасынын Конституциясы (Негизги мыйзам). 23.03.1937 жыл//ИС «Параграф».
2. Кыргыз Республикасынын 12.01.2002 жылы № 5 «Жергүлүктүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация» мыйзамы.
3. Кыргыз Республикасынын «Жергиликтуу өз алдынча башкаруу» мыйзамы 15.07.2011г. № 101// «Эркин Тоо» - 22.06.2011 жыл № 59.
4. Бейшеналиев З.Ш. Местное самоуправление в системе власти государства по новой редакции Конституции Кыргызской Республики//Вестник КГЮА № 1' 2008.
5. Кулдышева Г.К. К вопросу о соотношении местного самоуправления с государственной властью (конституционно-правовой аспект)//Вестник КМЮА 2011 г. № 1.
6. Кыргыз Республикасынын Конституциясы 27.06.2010 жыл)//ИС «Параграф».